# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ

Салыбек Кыдыралиевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2023-жылдын 26-декабры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Л.Ч. Жолдошева, К.А. Дуйшеев, К.Дж. Кыдырбаев, катчы Д.Б. Алиевдин катышуусу менен Салыбек Кыдыралиевдин кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2023-жылдын 30-ноябрында С. Кыдыралиевдин Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин $211^3$-беренесинин 2-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 3, 4, 5 жана 6-бөлүктөрүнө, 29-беренесинин 5-бөлүгүнө, 35-беренесине жана 101-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылууда жана ага тиркелген материалдарда белгиленгендей, Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун 2015-жылдын 10-августундагы чечими менен С. Кыдыралиевдин Бишкек шаарынын мэриясына карата анын турак жай алуу укугун камсыздоону милдеттендирүү жөнүндө доо арызы канааттандырылган.

Ал эми Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан С. Кыдыралиевди турак жай алуучулардын тизмесине кезекке тургузулгандыгына байланыштуу, 2022-жылдын 15-мартында Бишкек шаарынын экономикалык иштер боюнча

соттук аткаруучулар кызматынын бөлүмүнүн соттук аткаруучусу Н. Толоев Бишкек шаарынын Административдик сотунун 2021-жылдын 24-июнундагы аткаруу барагы толук көлөмдө аткарылды деп, аны жолдомо кат менен аталган сотко кайтарган.

Арыз ээси жолдомо катта көрсөтүлгөн соттук аткаруучунун аракети менен макул болбой, ал сот органдарына тиешелүү арыз менен кайрылган. Аны кароонун натыйжасында биринчи жана экинчи инстанциядагы соттор арызлануучунун пайдасына чечип, бирок ишти кассациялык тартипте кароонун жыйынтыгы менен Кыргыз Республикасынын Жогорку соту аны кайра кароо үчүн Бишкек шаарынын Административдик сотуна жиберген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту өзүнүн 2023-жылдын 29-майындагы токтомунда Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2023-жылдын 24-январындагы аныктамасына шилтеме жасап, ага ылайык Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаментинде 2022-жылдын 23-февралында коллегиялык жыйналышынын чечими Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун 2015-жылдын 10-августундагы чечиминин аткарылгандыгын тастыктабайт, анткени факт түрүндө С. Кыдыралиевди турак жай менен камсыз кылган эмес деп табылганын белгилеген.

Ал эми Бишкек шаарынын Административдик соту С. Кыдыралиевдин сот аткаруучу Н. Толоевго карата анын 2022-жылдын 15-мартындагы аракетин мыйзамсыз деп таануу жана ишти кайрадан жандандыруу жөнүндө арызын карап чыгып, жыйынтыгында 2023-жылдын 18-июлундагы аныктамасы менен бул арызды канааттандыруудан баш тарткан, ал эми апелляциялык жана кассациялык инстанциядагы соттор ал аныктаманы өзгөртүүсүз калтырышкан.

Арыз ээсинин пикиринде, бардык инстанциядагы соттордун тиешелүү чечимдерди кабыл алуусу анын аткаруу өндүрүшү боюнча даттанууга берилген 10 күндү негизсиз өткөрүп жибергендиги менен шартталган.

Бул жагдай, С. Кыдыралиевдин айтымында, анын Конституциянын 29-беренеси менен кепилденген купуя маалыматты, адамдын жеке турмушу жөнүндө маалыматты мыйзамсыз жыйноодон, сактоодон, жайылтуудан коргоо, анын ичинде соттук коргоо, ошондой эле укуксуз иш-аракеттер менен келтирилген материалдык жана моралдык зыяндын ордун толтуртуп алуу укугунун бузулушуна алып келген.

Ошондой эле, кайрылуу субъектиси өзүнүн жүйөлөрүнө негиздеме катары Конституциянын 35-беренесине шилтеме жасаган, ага ылайык ар бир адам мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын кызматтык милдеттерин аткаруудагы мыйзамсыз аракеттеринен (аракетсиздигинен) келтирилген зыяндын ордун мамлекеттен толтуртуп алууга укуктуу.

Муну менен бирге, арызданууччу Баш Мыйзамдын 101-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын сотторунун мыйзамдуу күчүнө кирген чечимдери бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жактар, коомдук бирикмелер, кызмат адамдары жана жеке адамдар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш деп белгилейт.

Жогоруда баяндалган жүйөлөрдүн негизинде, арызданууччу талашылып жаткан ченемди конституциялык эмес деп таанууну суранууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья Л.Ч. Жолдошеванын маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Судьялар коллегиясы кайрылууну кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүүдө, кайрылууда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүнө жол берилгендигинен жана анын “Кыргыз

Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүнөн келип чыгат.

Конституциялык контролдун укуктук маңызы болуп, конституциялык принциптерге жана жоболорго каршы коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салууну тастыктаган укуктук мүнөздөгү ынандыруучу жүйөлөрдүн болуусунда ченемдик укуктук актылардын же алардын структуралык элементтеринин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү саналат.

Ушуга байланыштуу, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамда Конституциялык сотко даректелген кайрылууну тариздөөгө жана арызданууучу койгон маселе боюнча анын көз карашын негиздөөгө болгон бир катар талаптар караштырылган (19, 26, 27, 28 жана 30-беренелер).

Жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык арызданууучу кайрылуусунда койгон маселе боюнча жеке позициясын жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасалган укуктук негиздемесин көрсөтүүгө милдеттүү.

Кайрылууда арыз ээсинин талашылып жаткан ченемдин конституциялуу эместиги жөнүндө жүйөлөрү анын кызыкчылыктарына тиешеси бар арыздар боюнча жалпы юрисдикциядагы соттор тарабынан процессуалдык ченемдерди туура эмес колдонулган деген жеке кабылдоосуна негизделген.

Ушундан улам талашылып жаткан ченем менен Конституциянын тиешелүү ченемдеринин ортосунда тутумдук укуктук байланыш жок экени көрүнөт. Арызданууучу өзүнүн кайрылуусунда укуктук мүнөздөгү эмес фактологиялык жүйөлөрдү гана, тактап айтканда, сот аткаруучунун жана жалпы юрисдикциядагы соттордун укук колдонуу тажрыйбасындагы маселелерди баяндаган.

Укук колдонуу тажрыйбасына байланыштуу маселелерди, анын ичинде конкреттүү иштерди кароодо жалпы юрисдикциядагы соттордун процессуалдык ченемдердин колдонуусунун тууралыгына укуктук баа берүү Конституциялык соттун ыйгарым укуктарына кирбейт.

Мындан тышкары, судьялар коллегиясы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 101-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын сотторунун мыйзамдуу күчүнө кирген чечимдери бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жактар, коомдук бирикмелер, кызмат адамдары жана жеке адамдар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш экендигин белгилейт. Ал эми өтүнүчкө тиркелген материалдардан Бишкек шаардык райондор аралык сотунун 2015-жылдын 10-августундагы чечими бүгүнкү күнгө чейин күчүндө тургандыгы жана жокко чыгарылбагандыгы көрүнөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык сот чечимдерин аткарбоо, талаптагыдай эмес аткаруу же болбосо аткарууга тоскоолдук кылуу мыйзам менен белгиленген жоопкерчиликке алып келет (101-беренесинин 3-бөлүгү), ал эми соттук чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө прокуратура органдары тарабынан жүзөгө ашырылат (105-беренесинин экинчи абзацы).

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1 жана 4-пункттарына ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына дал келбесе, ошондой эле кайрылууда билдирилген талап Конституциялык сотко караштуу болбосо, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1, 4-пункттарын жана

5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Салыбек Кыдыралиевдин Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин $211^3$-беренесинин 2-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 3, 4, 5 жана 6-бөлүктөрүнө, 29-беренесинин 5-бөлүгүнө, 35-беренесине жана 101-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Кайрылуу жана ага тиркелген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.

3. Ушул аныктама үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Л.Ч. Жолдошева

К.А. Дуйшеев

К.Дж. Кыдырбаев

№ ____